# Кызматтарды көрсөтүү жөнүндө келишим

Бишкек ш.

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул Келишим Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты жана кошулуу келишими болуп эсептелет. Бул Келишим Субъект менен мындан ары «Оператор» деп атала турган, программалык ККМ колдонуу укугун берген жана Кызматтарды көрсөткөн «НУР Телеком» ЖЧКнун ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салат.

1.2. Келишимдин шарттары «НУР Телеком» ЖЧК тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз алдынча белгиленет жана Субъект тарабынан Келишимге бүт бойдон кошулуу жолу менен кабыл алынат.

1.3. «НУР Телеком» ЖЧК программалык ККМ иштеп чыгуучусу, программалык ККМ техникалык тейлөө борбору жана Субъектинин фискалдык маалыматтарын топтоону жана аларды ыйгарым укуктуу салык органына өткөрүүнү ишке ашырган фискалдык маалыматтардын оператору болуп саналат.

1.4. Бул Келишимдин максаттарына ылайык, Кызматтар катары төмөнкүлөр түшүнүлөт:

1) Фискалдык маалыматтарды топтоо жана аларды ыйгарым укуктуу салык органына өткөрүп берүү боюнча кызматтар.
2) Программалык ККМ техникалык жана сервистик тейлөө боюнча кызматтар.

## 2. Аныктамалар

2.1. Бул Келишимдин максаттарына ылайык, төмөнкү терминдер менен аныктамалар колдонулат:

2.1.1. **Авторизациялык маалыматтар** – Субъектиге программалык ККМга жана өзүнүн жеке кабинетине кирүү мүмкүндүгүн берген логин/шартбелги жана/же Субъект менен ассоциацияланган башка идентификациялык реквизиттер. Субъектинин Субъект менен ассоциацияланган идентификациялык реквизиттерди колдонуу аркылуу программалык ККМга жана өзүнүн жеке кабинетине кирүү мүмкүндүгү Субъект тарабынан Кызматтардын алынганын ырастоочу шексиз факт катары кабыл алынат. Мында Субъект менен ассоциацияланган идентификациялык реквизиттерди колдонуу аркылуу аткарылган иш-аракеттер Субъектинин иш-аракеттери болуп эсептелет.

2.1.2. **Авторизация** – Субъектини идентификациялоо жана анын Жеке кабинетине кирүү мүмкүндүгүн алуу максатында ишке ашырылган Авторизациялык маалыматтарды киргизүү процедурасы.

2.1.3. **АМТ** – Ыйгарым укуктуу салык органынын Автоматташтырылган маалымат тутуму.

2.1.4. **Өздүк эсеп** – Субъектинин көрсөтүлгөн Кызматтардын көлөмүн, Субъект тарабынан Кызматтар үчүн төлөм катары салынган жана сарпталган акча каражаттарын эсепке алууга арналган Оператордун автоматташтырылган тутумундагы номери.

2.1.5. **Жеке кабинет** – Субъектиге Ыйгарым укуктуу салык органынын АМТда катталган Өздүк эсебинин, ПККМ номеринин/номерлеринин абалын текшерип туруу, ошондой эле Оператор тарабынан белгиленген шарттарда алдын ала берилген тийиштүү арыздын негизинде ПККМ каттоо, кайра каттоо жана каттоодон чыгаруу мүмкүнчүлүгүн берген Оператордун тутумундагы атайы бөлүм.

2.1.6. **Соңку жабдуу –** коюлган талаптарга жооп берген, мыйзамдуу негизде Субъектинин пайдалануусунда болгон, интернетке туташкан жана программалык ККМ колдонуу мүмкүндүгүн берген тастыкталган персоналдык компьютер, планшет же смартфон (мобилдик телефон).

2.1.7. **Фискалдык маалыматтардын оператору (ФМО)** – Субъектиге фискалдык маалыматтарды топтоо жана андан ары ыйгарым укуктуу салык органына корголгон түрдө ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан бекитилген тартипке ылайык реалдуу мезгил режиминде өткөрүп берүү кызматтарын көрсөткөн «НУР Телеком» ЖЧК. Маркировкаланган товарлар боюнча ФМО маалыматтарды Кыргыз Республикасынын улуттук маркировкалоо жана маркировкаланган товарларды көзөмөлгө алуу тутумунун операторуна өткөрүп бере алат (мындан ары – маркировкалоо оператору).

2.1.8. **Отчёттук мезгил** – тийиштүү Кызматтар көрөтүлгөн, тийиштүү айдын биринен акыркы числосуна чейин (кошулуп) эсептелген календардык ай. Бул айдын биринчи суткасынын саат 00:00 мүнөтүндө Субъектинин Өздүк эсебинен тандалып алынган Тарифтик планына ылайык

абоненттик төлөм жана/же башка мезгилдик төлөмдөрдүн өлчөмүндө акча каражаттары алынат.

2.1.9. **Жеке маалыматтар** – конкреттүү киши менен бирдей деп билинген же конкреттүү киши менен бирдей деп билине турган, кишинин биологиялык, экономикалык, маданий, жарандык же социалдык түрдүүлүгүнө, анын ичинде анын фамилиясына, атына, атасынын атына, туулган күнүнө, айына, жылына жана жерине, дарегине, кирешелерине, башка маалыматтарына тиешелүү бир же бир нече факторго шилтеме берүү аркылуу ал кишини түздөн-түз же кыйыр түрдө идентификациялоо мүмкүндүгүн берген конкреттүү киши тууралуу материалдык сактоочуларда жазылган маалымат.

2.1.10. **Программалык ККМ** – кардарлар тиркемеси же веб-интерфейс түрүндө иштелип чыккан программалык камсыздоо. Ал:

- фискалдык маалыматтардын операторунун маалыматтарды ыйгарым укуктуу салык органына корголгон түрдө реалдуу мезгил режиминде өткөрүү мүмкүндүгүн камсыздаган маалымат тутуму менен;
- ыйгарым укуктуу салык органынын сервери менен корголгон түрдө реалдуу мезгил режиминде интеграция ичинде иштейт.

2.1.11. **Субъект** – уюштуруу жана укуктук формасына, ишмердүүлүк түрүнө, таандыктыгына жана жеке менчик формасына карабастан ар кандай экономикалык ишмердүүлүк жүргүзгөн жана/же салык төлөнө турган объектилери бар, «НУР Телеком» ЖЧК менен программалык ККМ колдонуу, программалык ККМ техникалык тейлөө жана маалыматтарды топтоп, ыйгарым укуктуу салык органына өткөрүү кызматтары жөнүндө келишим түзгөн физикалык жак, жеке ишкер, уюм, өзүнчө бөлүм, туруктуу мекеме.

2.1.12. **Тарифтик план** – Оператор тарабынан белгиленген Кызматтардын тизмеси менен баасын, аларды көрсөтүү, тарифтештирүү өзгөчөлүктөрүн жана жарамдуулук мөөнөтүн аныктаган тарифтик сунуштардын тутуму.

2.1.13. **Программалык ККМ техникалык жана сервистик тейлөө боюнча кызматтар** – Субъектиге Кызматтарды көрсөтүүгө байланыштуу суроолор боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө консультация берүү (маалыматтык колдоо), ошондой эле Кызматтарды көрсөтүүгө «НУР Телеком» ЖЧК жоопкерчилигине кирген техникалык көйгөйлөрдү жоюу (техникалык колдоо).

2.1.14. **Маалыматтарды топтоо жана аларды ыйгарым укуктуу салык органына өткөрүү боюнча кызматтар** – программалык ККМ колдонуу менен ишке ашырылган акчалай эсептешүү операциялары жөнүндө электрондук маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу, сактоо жана аларды өзгөрүүсүз түрдө салык органдарына өткөрүү кызматтары.

2.1.15. **Фискалдык маалыматтар** – Субъектинин документтеринде, анын ичинде кассалык документтеринде, отчётторунда жана декларацияларында камтылган, салык органдарына тапшырыла турган, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык милдеттерин белгилөө үчүн негиз катары кызмат кылган маалыматтар.

2.1.16. **Контролдук-кассалык машиналарды техникалык тейлөө борбору (мындан ары - ТТБ)** – Субъектиге программалык ККМ иштетүүгө даярдоо, техникалык тейлөө боюнча кызматтарды көрсөткөн «НУР Телеком» ЖЧК.

## 3. Келишимдин предмети

3.1. «НУР Телеком» ЖЧК Субъектиге бул Келишимдин шарттарына ылайык Кызматтарды көрсөтөт, ошондой эле бул Келишим иштеген мөөнөткө ПККМ программалык камсыздоосун колдонуу боюнча бөтөнчө эмес укукту берет, ал эми Субъект Кызматтар менен укукту пайдаланууга, жана алар үчүн бул Келишимдин шарттары менен тандалып алынган Тарифтик планга ылайык төлөмдү ишке ашырууга милдеттенет.

3.2. Кызматтар менен Тарифтик пландар, Оператордун жайгашкан жери тууралуу маалымат, электрондук почтанын дареги, Оператордун ФМО реестрине киргизилгендиги жөнүндө маалымат www.o.kg веб-сайтында ФМО вкладкасында жайгашкан. Ошону менен бирге эле, Субъект *7878 номери боюнча Оператордун сурап-билүү кызматында кайрылган учурда да мындай маалымат берилет.

## 4. ПККМ каттоо, кайра каттоо жана каттоодон чыгаруу

4.1. Кызматтарды көрсөтүү максатында колдонуу укугу «НУР Телеком» ЖЧК тарабынан Субъектиге өткөрүлүп берилген ПККМ **каттоодон өткөрүү** зарыл.

4.1.1. **ПККМ каттоодон өткөрүү үчүн** Субъект төмөнкү документтерди тапшырууга тийиш:

- бул Келишимдин №1-тиркемесиндеги формага ылайык кагаз сактоочуда толтурулуп, кол коюлган ПККМ каттоо жөнүндө арыз;

- ПККМ каттоо үчүн арыз менен кайрылган Субъектинин же өкүлүнүн өздүгүн тактаган документ;
- документтерди юридикалык жак болгон Субъектинин өкүлү тапшырган учурда – каттоодон өтүү үчүн документтерди тапшырып жаткан кишинин наамына берилген ишеним кат, ал эми жеке ишкер катары катталган Субъектинин өкүлү тапшырган учурда – ПККМ каттоодон өткөрүү үчүн документтерди тапшырып жаткан кишинин наамына берилген нотариалдык тастыктоодон өткөн ишеним кат.

4.1.2. Оператор бул Келишимдин 4.1.1-пунктунда белгиленген документтер тапшырылган күндөн тартып бир жумуш күнүнүн ичинде ПККМ орнотулган жер боюнча салык органын көрсөтүү менен Субъект, ишкердик объектиси жана ПККМ жөнүндө маалыматтарды АМТна өткөрүү аркылуу ПККМ каттоону ишке ашырат.

4.1.3. Оператордун маалымат тутумунан маалыматтарды алган соң АМТ алынган маалыматтарды реалдуу мезгил режиминде ыйгарым укуктуу салык органынын башка маалымат тутумдары менен салыштырып чыгат да, ПККМ каттайт же болбосо киргизилген маалыматтар туура келбеген учурда четке кагуунун себебин көрсөтүү менен ПККМ каттоодон баш тартат.

4.1.4. Субъект арызда көрсөткөн маалыматтар АМТда камтылган маалыматтар менен дал келбеген учурда, Субъект АМТна туура маалыматтарды киргизүү үчүн салык органына кайрылат же болбосо Операторго АМТ маалыматтары менен шайкеш келген маалыматтарды камтыган жаңы арызды берет.

4.1.5. ПККМ ийгиликтүү катталган учурда, АМТ реалдуу мезгил режиминде ПККМна уникалдуу каттоо номерин ыйгаруу менен ПККМ каттоо картасын берет.

4.1.6. АМТ аркылуу ПККМ уникалдуу каттоо номери менен ПККМ каттоо картасы алынган соң, Субъект каттоо маалыматтарын киргизүү жолу менен өз алдынча ПККМ фискалдаштырат жана ПККМ иштетүү документтерине ылайык фискалдык режимди активдештирет.

4.1.7. ПККМ каттаткан соң Субъект ар бир ПККМ үчүн дүмүрчөктөр менен дүмүрчөктөрдүн бланктарынын эсеп дептерлерин каттоодон өткөрүү максатында салыктык каттоо жери боюнча салык органына кайрылууга тийиш. Дүмүрчөктөр менен дүмүрчөктөрдүн бланктарынын эсеп дептерлерин каттоодон өткөрүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан белгиленет.

4.2. ПККМ каттоо маалыматтары (ИННден тышкары, ПККМ каттоого берилген арызда көрсөтүлгөн маалыматтар) өзгөргөн учурда, Субъект ПККМ жаңы маалыматтарынын АМТна киргизилишин камсыздоого жана **ПККМ АМТда кайра каттоо** үчүн бул Келишимдин 1-тиркемесиндеги формага ылайык кагаз сактоочуда толтурулуп, кол коюлган ПККМ кайра каттоо жөнүндө арыз менен Операторго кайрылууга тийиш.

4.2.1. **ПККМ кайра каттатуу** үчүн Субъект арыз менен чогуу төмөнкү документтерди тапшырат:
- ПККМ кайра каттоого арыз берген субъектинин өздүгүн тактаган документ;
- документтерди юридикалык жак болгон Субъектинин өкүлү тапшырган учурда – кайра каттоо үчүн документтерди тапшырып жаткан кишинин наамына берилген ишеним кат, ал эми жеке ишкер катары катталган Субъектинин өкүлү тапшырган учурда – ПККМ кайра каттоодон өткөрүү үчүн документтерди тапшырып жаткан кишинин наамына берилген нотариалдык тастыктоодон өткөн ишеним кат.

4.2.2. Оператор ККМ боюнча жаңы каттоо маалыматтарын арыз берилген күндөн тартып бир жумуш күнүнүн ичинде АМТна өткөрөт.

4.2.3. Оператордун маалымат тутуму аркылуу жаңы маалыматтарды алган соң, ыйгарым укуктуу салык органынын АМТ реалдуу мезгил режиминде маалыматтарды ыйгарым укуктуу салык органынын башка маалымат тутумдары менен салыштырып чыгып, ККМ жаңы маалыматтарын каттайт же киргизилген маалыматтар туура келбеген учурда четке кагуунун себебин көрсөтүү менен каттоодон баш тартат.

4.2.4. Субъект тарабынан берилген өзгөргөн маалыматтар АМТ маалыматтарына дал келбеген учурда, Субъект өзгөргөн маалыматтарды АМТна киргизүүсү үчүн ыйгарым укуктуу салык органына кайрылат жана шайкешсиздиктер оңдолуп, өзгөргөн маалыматтар АМТна киргизилгенден кийин гана Операторго ПККМ кайра каттоо жөнүндө арыз менен кайрылат.

4.2.5. АМТда ПККМ кайра каттоо ыйгарым укуктуу салык органына бардык фискалдык маалыматтар тапшырылган соң гана ПККМ жаңы каттоо картасын берүү аркылуу ишке ашырылат.

4.3. **ПККМ каттоодон чыгаруу төмөнкү учурларда аткарылат:**
- Уюмга башка уюмдун кошулуусу формасында кайра түзүлүү учурларынан тышкары, уюм жоюлган же кайра түзүлгөн учурда, ошондой эле жеке ишкер ишмердүүлүгүн токтоткондо. Бул жагдайда ПККМ уюмду жоюу же кайра түзүү, ошондой эле жеке ишкердин ишмердүүлүгүн токтотуу боюнча процедура башталган күндөн бир күн мурун АМТнан каттоодон чыгарылат.
- Бузулганда же фискалдык эстутум жана/же фискалдык маалыматтарды өткөрүү жабдуусу толуп калганда. ПККМ АМТнан каттоодон чыгаруу сакталып турган маалыматтардын баарын ыйгарым укуктуу салык органына өткөргөн соң гана мүмкүн.

- Фискалдык маалыматтарды фискалдык эстутум жана/же фискалдык маалыматтарды өткөрүү жабдуусунун бузулуп калышынан улам өткөрүү мүмкүн болбогон учурда. Бул абалда Субъект фискалдык режимге өткөргөн мезгилден тартып ПККМ колдонуу менен ишке ашырылган эсептешүү операцияларынын жалпы суммалары (нөлгө айланбаган) боюнча маалыматтын ПККМ фискалдык отчётуна ылайык АМТна киргизилишин камсыздоого тийиш.
- Чечүүгө мүмкүн болбогон жагдайлардын натыйжасында, ПККМ орнотулган соңку жабдуу уурдалганда же жоголуп кеткенде фискалдык маалыматтарды өткөрүү мүмкүн болбогон учурларда.
- ПККМ ПККМ реестринен чыгарылган учурда.
- салык текшерүүсүнүн жүрүшүндө ПККМ колдонууга карата коюлган талаптардын, анын ичинде ККМ иштетүүнүн типтүү эрежелеринин бузулгандыгы аныкталып чыкканда. ПККМ каттоодон чыгаруунун алдында салык органы ПККМ иштөөсүн убактылуу токтотуп турууга укуктуу.

**4.3.1. ККМ каттоодон чыгаруу үчүн Субъект (жетекчи же ишенимдүү адамы) төмөнкү документтерди тапшырууга тийиш:**
- кагаз сактоочуда бул Келишимдин 1-тиркемесиндеги формага ылайык жазылган ККМ каттоодон чыгаруу жөнүндө арыз;
- ККМ каттоо картасы;
- документтерди юридикалык жак болгон Субъектинин өкүлү тапшырган учурда –каттоодон чыгаруу үчүн документтерди тапшырып жаткан кишинин наамына берилген ишеним кат, ал эми жеке ишкер катары катталган Субъектинин өкүлү тапшырган учурда – ПККМ каттоодон чыгаруу үчүн документтерди тапшырып жаткан кишинин наамына берилген нотариалдык тастыктоодон өткөн ишеним кат;
- ККМ каттоодон чыгаруу үчүн арыз менен кайрылган Субъектинин же өкүлүнүн өздүгүн тактаган документ;
- чечүүгө мүмкүн болбогон жагдайлардын (атайы далилдөө каражаттарына муктаж болбогон мүмкүнчүлүк жеткис жагдайлардан тышкары) таасирин, ПККМ орнотулган соңку жабдуунун уурдалганын же жоготулганын ырастоочу документтер.
- АМТ берилген маалыматтардын шайкешсиздигинен улам ПККМ каттоодон чыгаруудан баш тарткан учурда – Ыйгарым укуктуу салык органынын маалымат тутумундагы маалыматтарга дал келүүгө тийиш маалыматтар камтылган документтер.
4.3.2. ПККМ каттоодон чыгаруу Оператор тарабынан Субъект ККМ каттоодон чыгаруу жөнүндө арыз менен талап кылынган документтерди тапшырган күндөн тартып эки жумуш күнүнүн ичинде ишке ашырылат.
4.3.3. ПККМда фискалдык отчёт даярдоо жана басып чыгаруу жолу менен ПККМ каттоодон чыгаруудан мурун Субъект ПККМ колдонуу документтерине ылайык өз алдынча ПККМда фискалдык отчёт даярдап, басып чыгарууга, ошондой эле фискалдык отчёттун маалыматтарынын АМТна киргизилишин камыздоого тийиш.
4.3.4. Маалыматтар киргизилгенден кийин АМТ АМТ маалыматтары менен ПККМ маалыматтарын реалдуу мезгил режиминде текшерип чыгат да, ыйгарым укуктуу салык органына фискалдык маалыматтар толук өткөрүлгөн соң гана ПККМ каттоодон чыгарат, же болбосо киргизилген маалыматтар дал келбеген учурда четке кагуу себебин көрсөтүү менен ПККМ каттоодон чыгаруудан баш тартат.
4.3.5. АМТ жана ПККМ маалыматтарынын шайкешсиздигинен улам ПККМ каттоодон чыгаруудан баш тартылган учурда, Субъект салыктык каттоо жери боюнча салык органына кайрылып, ПККМ өзүн, ПККМ каттоо жана колдонуу боюнча бардык документтерди берүүгө тийиш.
4.3.6. Субъектинин кайрылуусу боюнча салык органы Оператор менен чогуу АМТ, ПККМ жана тийиштүү документтерди текшерип чыгып, айырмачылыктардын себеби аныкталган жана АМТ менен ПККМ маалыматтарынын дал келиши камсыздалган соң гана ПККМ каттоодон чыгаруу жөнүндө чечим чыгарат.

## 5. Тараптардын укуктары жана милдеттери

**5.1. «НУР Телеком» ЖЧКнун милдеттери:**
5.1.1. Субъектиге бул Келишимде жана Субъект тарабынан тандалып алынган Тарифтик планда аныкталган көлөмдө жана мөөнөттөрдө Кызматтарды көрсөтүү;
5.1.2. Кызматтарды көрсөтүүнүн жана алар үчүн Субъект тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн каттоосун жүргүзүү;
5.1.3. Каттоо жана Кызматтарды көрсөтүү процессинде Субъектиден алынган ага тиешелүү маалыматтардын купуялуулугун сактоо. Купуя маалыматты ачыкка чыгарууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана бул Келишимде белгиленген жагдайларда гана жол берилет;
5.1.4. Субъектиге Жеке кабинетине кирүү мүмкүндүгүн берүү;

5.1.5. Субъектиге Кызматтарды алуусу үчүн оордук же тоскоолдук жарата турган кырдаалдар жөнүндө өз убагында маалымат берип туруу;
5.1.6. www.o.kg веб-сайтындагы ФМО вкладкасында Субъектини тейлөө, Келишимдин, тарифтердин, Тарифтик пландардын ж.б. өзгөрүүсү тууралуу расмий билдирүүлөрдү жарыялап туруу;

**Фискалдык маалыматтардын оператору катары «НУР Телеком» ЖЧКнун милдеттери:**
5.1.7. бул Келишимди түзүп, ПККМ каттоодон өткөргөн соң Кызматтарды көрсөтүүгө киришүү;
5.1.8. Кызматтарды көрсөтүүдө колдонулган аппараттык-программалык комплекстин үзгүлтүксүз, бузулбай иштөөсүн камсыздоо;
5.1.9. фискалдык маалыматтарды топтоо жана өткөрүү Кызматтарына маалыматтык жана техникалык колдоону камсыздоочу техникалык колдоо борборунун *7878 кыска номери боюнча күнү-түнү иштөөсүн камсыздоо;
5.1.10. Субъектинин техникалык колдоо борборуна кыска номер жана/же электрондук почта аркылуу берген өтүнмөсүнүн негизинде Кызматтарды көрсөтүү процессинде келип чыккан бузулууларды, сапаттын начарлашын же үзгүлтүккө учуроолорду жоюу багытында тийиштүү чараларды көрүү.
5.1.11. ФМО маалымат тутумунун жардамы менен фискалдык маалыматтарды өткөрүү боюнча ПККМ иштөөсүн реалдуу мезгил режиминде күнү-түнү көзөмөлдөө.
5.1.12. ПККМ каттоодо, кайра каттоодо жана каттоодон чыгарууда Субъектини идентификациялоо.
5.1.13. бул Келишимдин 3-тиркемесиндеги формага ылайык, ПККМны АМТна каттоодон кийин Субъектиге Авторизациялык маалыматтарды берүү.

**ТТБ катары «НУР Телеком» ЖЧКнун милдеттери:**
5.1.14. Субъектиге берилген ПККМ техникалык жана сервистик тейлөөнү ишке ашыруу;
5.1.15. ПККМда бузулуулар аныкталган учурда Субъектинин бул боюнча кайрылуусу катталган убактан тартып 72 (жетимиш эки) сааттын ичинде ПККМдагы бузулууну жоюу;
5.1.16. бузулуулар жоюлган соң, АМТ аркылуу салык органына бул тууралуу кабарлоо;
5.1.17. Субъектилердин ПККМ бузулушу жөнүндө кайрылуулары каттала турган дептер ачып, ал жерге кайрылуу келип түшкөн күндү жана саатты көрсөтүү менен оозеки, жазуу/электрондук кайрылуулардын баарын каттап туруу;
5.1.18. Субъектиден алынган сандык жана башка маалыматтардын Кыргыз Республикасынын Салык кодексине жана Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык корголуусун камсыздоо;
5.1.19. Субъектинин ПККМна, анын ичинде фискалдык маалыматтарына уруксатсыз кирүүгө каршы коопсуздукту камсыздоо.

**5.2. Субъектинин милдеттери:**
5.2.1. Келишимдин каттоо формасына кол коюу жолу менен «НУР Телеком» ЖЧКнан ПККМ колдонуу укугун сатып алуу, керектүү документтерди берүү жана ишти баштоодон мурун «НУР Телеком» ЖЧК менен келишим түзүү;
5.2.2. ПККМны өз алдынча же үчүнчү жактарды тартуу жолу менен көчүрмөлөөгө, адаптациялоого, декомпиляциялоого, чечмелөөгө, сатууга жана алып сатууга, ошондой эле бул Келишимдин предметинен тышкары максаттарда колдонууга тыюу салынат.
5.2.3. ПККМны www.o.kg веб-сайтындагы ФМО вкладкасында жайгашкан ККМ эксплуатациялоо боюнча типтүү эрежелер менен пайдалануучунун колдонмосуна ылайык колдонуу.
5.2.4. Көрсөтүлгөн Кызматтарды өз убагында жана толук көлөмдө төлөө;
5.2.5. Авторизациялык маалыматтардын жана өзүнүн Жеке кабинетине кирүү мүмкүндүгүнүн купуялуулугун камсыздоо, буга байланыштуу Субъектинин жана Субъектинин уруксаты менен жана уруксаты жок анын авторизациялык маалыматтарын жана/же ПККМ жана/же Соңку жабдуусун колдонгон үчүнчү жактардын иш-аракеттери жана алардын кесепеттери үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алат. Оператордон Авторизациялык маалыматтарды алган соң шартбелгилерди өзгөртүү. Эгерде Субъект башка жагдайды далилдебесе, анда анын Соңку жабдуусун колдонуу аркылуу, жана ага тиешелүү Авторизациялык маалыматтары менен аткарылган бардык иш-аракеттер Субъект тарабынан ишке ашырылды деп эсептелип, маалыматтарды уруксатсыз пайдалануунун натыйжасында келип чыккан терс кесепеттер менен зыяндар үчүн Субъект өз алдынча жооп берет.

5.2.6. Сатып алуучулар же кардарлар менен накталай/электрондук акчалар, банктык төлөм карталары жана башка төлөм инструменттери аркылуу аткарылган эсептешүүлөрдө ПККМны төмөнкү кассалык эсептешүү операцияларын аткаруу менен колдонуу:

- сатуу же сатып алуу;
- алдын ала төлөө (аванс);
- алдын ала төлөөнү (авансты) жабуу;
- кийин төлөө (кредит);
- кийин төлөөнү (кредитти) жабуу;
- сатууну, сатып алууну, алдын ала төлөөнү (авансты) жана кийин төлөөнү (кредитти) кайтаруу.

5.2.7. ПККМны сатып алуучу же кардар менен эсептешүү жеринде жана ошол учурда кагаз жүзүндө жана/же автоматтык эсептөө үчүн жарамдуу түрдө контролдук-кассалык чекти берүү/жөнөтүү менен колдонуу;

5.2.8. ПККМны пайдалануучунун колдонмосуна ылайык колдонуу жана маалыматтардын реалдуу мезгил режиминде өз убагында ыйгарым укуктуу органга жана/же ФМОна өткөрүлүшүн, анын ичинде байланыш кызматтарын убагында төлөө жолу менен берилишин камсыздоо;

5.2.9. ПККМ бузулганда ТТБ кызматкерлеринин ПККМ орнотулган соңку жабдууга мүмкүндүк алуусун камсыздоо;

5.2.10. Типографиялык жол менен даярдалган дүмүрчөк бланктарынын жана КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык белгиленген формадагы дүмүрчөк бланктарынын эсеп дептеринин болуусун камсыздоо, жана аларды ар бир ПККМ үчүн каттоо жери боюнча салык органынан каттоодон өткөрүү;

5.2.11. Төмөнкү мөөнөттөрдө жана учурларда дүмүрчөктөрдүн бланктарын колдонуу жана дүмүрчөк бланктарынын эсеп дептерине тийиштүү жазууларды киргизүү:

- Оператор тарабынан 72 сааттан ашпаган убакыт ичинде ПККМ бузулууларын жоюу иш-аракеттери жүргүзүлгөн мезгилде;
-келип чыгуу себептери субъектилерге байланыштуу болбогон ыйгарым укуктуу салык органы жана/же ФМО сервери менен байланыш жоктугунан улам ККМ иштөөсү бөгөттөлгөн учурда, байланыш калыбына келтирилгенге чейин;
- чечүү мүмкүн болбогон жагдайлардын келип чыккандыгына байланыштуу ККМ колдонуу мүмкүн болбогон учурда, чечүү мүмкүн болбогон жагдайлар уланган мезгил бою;
- ПККМ орнотулган соңку жабдуу уурдалган же жоголгон учурда. Бул абалда Субъект ПККМны бөгөттөп, бул тууралуу Операторго жогоруда аталган фактылар аныкталган күндөн тартып, 24 сааттын ичинде кабар берүүгө тийиш.

5.2.12. Кассалык чектердин чыгарып берилишин жана бул Келишимдин 5.2.9-пунктунда белгиленген учурларда дүмүрчөк бланктарын колдонуу менен аткарылган акчалай эсептешүүлөр боюнча маалыматтардын ыйгарым укуктуу салык органына жана/же ФМОна өткөрүлүшүн камсыздоо.

Чечүү мүмкүн болбогон жагдайлардын, ККМ уурдалышынын же жоголуп кетишинин натыйжасында ККМ жараксыз абалга келген учурла, субъектилер 3 (үч) жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөттө дүмүрчөк бланктарын пайдаланууга жана дүмүрчөк бланктарынын эсеп дептерине тийиштүү жазууларды киргизүүгө милдеттүү.

Сатып алуучуларга же кардарларга берилген дүмүрчөк бланкында төмөнкү реквизиттер чагылдырылууга тийиш:

а) дүмүрчөктүн сериясы жана номери;
б) субъектинин аты жана идентификациялык салык номери (ИНН);
в) ККМ моделинин аталышы;
г) ККМ заводдук номери/версиясынын номери;
д) ККМ каттоо номери;
е) эсептешүү операциясынын түрү;
ж) алдын ала төлөөнү (авансты) же кийин төлөөнү (кредитти) кайтаруу же жабуу жолжоболоштурулган контролдук-кассалык чектин катар номери;
з) операциянын күнү жана убактысы;
и) товардын, көрсөтүлгөн кызматтын же аткарылган иштин аталышы жана коду;
к) товарды маркировкалоо коду;
л) 1 бирдиктин баасы;
м) ченем бирдиги;
н) товардын, көрсөтүлгөн кызматтын же аткарылган иштин саны;
о) төлөмдүн түрү (накталай же накталай эмес);
п) сатылган товарлардын, көрсөтүлгөн кызматтардын же аткарылган иштердин суммаларынын жыйынтыгы;

р) валютанын саны, тиби жана курсу (накталай чет өлкөлүк валюта менен акча алмаштыруу операцияларын аткарууда колдонулган ККМ үчүн).
5.2.13. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан товарлар, иштер жана кызматтар боюнча (аталышы, коду, саны, 1 (бир) бирдиктин баасы) милдеттүү маалымат берилиши тууралуу чечим кабыл алынган товарлар сатылган, кызматтар көрсөтүлгөн же иштер аткарылган учурда контролдук-кассалык чектерде алардын сөзсүз чагылдырылышын жана алар тууралуу маалыматтын ыйгарым укуктуу салык органына жана/же ФМОна өткөрүлүшүн камсыздоо;
5.2.14. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында идентификациялоо каражаттары аркылуу милдеттүү маркировкалоо жөнүндө чечим кабыл алынган товарларды идентификациялоо каражаттарынын коддору боюнча (товарды марикровкалоо) маалыматты контролдук-кассалык чектерде алардын сөзсүз чагылдырылышын жана алар тууралуу маалыматтын ыйгарым укуктуу салык органына жана/же ФМОна өткөрүлүшүн камсыздоо;
5.2.15. Субъект накталай чет өлкөлүк валюта менен акча алмаштыруу операцияларын ишке ашырган учурда, контролдук-кассалык чектерде валютанын түрү менен курсунун чагылдырылышын камсыздоо;
5.2.16. ПККМ каттоо маалыматтары өзгөргөн учурда ПККМ жаңы каттоо маалыматтарынын өзгөртүүлөр жасалган күндүн аягына чейин АМТна киргизилишин камсыздоо. Өзгөртүүлөрдү өз убагында киргизбегендиги үчүн өз алдынча жооп берүү;
5.2.17. Кызматтарды көрсөтүүнү токтотуу жана ПККМ каттоодон чыгаруу зарылдыгы келип чыкканда Кызматтарды көрсөтүү токтотула турган айдын мурунку айынын 25-числосунан кеч эмес убакытта бул тууралуу арыз берүү. Мындай учурда Кызматтарды көрсөтүү төмөнкү убактарда токтотулат:

Субъект тарабынан тийиштүү арыз берилген айдан кийин келген айдын 1-числосунан баштап – эгер арыз мурунку айдын 25-числосуна чейин (кошулуп) берилген болсо;

Субъект тарабынан тийиштүү арыз берилген айдан кийин келген экинчи айдын 1-числосунан баштап – эгер арыз аталган айдын 25-числосунан кийин берилген болсо.

Субъект тарабынан тандалып алынган Тарифтик планда Субъектинин демилгеси менен Кызматтарды көрсөтүүнүн башка тартиби каралышы мүмкүн;
5.2.18. ПККМ орнотулган соңку жабдуу уурдалган, жоголгон учурда, же болбосо чечүү мүмкүн болбогон жагдайлардын кесепетинде жараксыз абалга келсе, 3 (үч) жумуш күнүнөн кеч эмес мөөнөттүн ичинде ПККМны АМТда каттоодон чыгаруу, жаңы ПККМ сатып алып, АМТда каттатуу;
5.2.19. ишмердүүлүгү токтогондо, ошондой эле жоюлган (ишмердүүлүгү токтотулган) же кайра түзүлгөн учурда жоюу (ишмердүүлүгүн токтотуу) же кайра түзүү процедурасы башталгандан бир күн мурун ПККМ каттоодон чыгаруу жөнүндө арыз берүү.
5.2.20. каттоо маалыматтарынын жана авторизациялык маалыматтардын сакталышын жана купуялуулугун камсыздоо, жеке ресурстарын алардын үчүнчү жактар тарабынан жаман ой менен колдонулушунан коргой турган ыкмалар менен ырастоо. Субъект бул милдетти аткарбаган учурда келип чыккан кесепеттер үчүн толугу менен жооп берет. Субъектинин каттоо маалыматтарын колдонуу менен аткарылган бардык иш-аракетткр Субъект тарабынан аткарылды деп эсептелет;
5.2.21. төмөнкүлөр жагдайлар келип чыкканда Операторго дарообилдирүү зарыл:
кызматтарды пайдаланууда келип чыккан бузулуулар жөнүндө Оператордун сурап-билүү кызматына *7878 номери боюнча жана/же электрондук почта аркылуу;
маалыматтарды жоготуп алуу же жеке каттоо жана/же авторизациялык маалыматтары боюнча купуялуулук бузулгандыгына байланыштуу негиздүү шектенүүлөр бар экендиги тууралуу;
5.2.22. ПККМ каттоодо, кайра каттоодо жана каттоодон чыгарууда туура маалыматтарды берүү жана алар өзгөргөн учурда дароо актуалдаштыруу;
5.2.23. Келишим боюнча өз укуктары менен милдеттерин үчүнчү жактарга өткөрбөө;
5.2.24. www.o.kg баракчасындагы ФМО вкладкасында жайгашкан Кызматтарды көрсөтүү, анын ичинде Келишимдин шарттарынын өзгөрүүсү, Тарифтик пландар, түйүндөгү авариялар жана аларды жоюу мөөнөттөрү тууралуу маалыматтар менен үзгүлтүксүз таанышып туруу;

**5.3. «НУР Телеком» ЖЧКнун укуктары:**
5.3.1. төмөнкү учурларда Келишим боюнча укуктарын сактап калуу менен Кызматтарды көрсөтүүнү токтото туруу:
5.3.1.1. төлөө мөөнөттөрү бузулганда (карыздын бар экендиги жана суммасы жөнүндө маалымат Субъектинин Жеке кабинетинде чагылдырылат);
5.3.1.2. эгерде Оператордун жүйөлүү пикири боюнча Субъектинин Кызматтарды пайдалануусу Оператор жана/же мамлекетти кошкондо, үчүнчү жактар үчүн зыян жаратышы, ошондой эле

Субъектинин Кызматтарды пайдалануусу Оператордун жана үчүнчү жактардын техникалык жана программалык каражаттарында ката кетүүсүнө жол ачышы мүмкүн болсо;
5.3.1.3. Субъект тарабынан Оператордун байланыш түйүнүнүн иштөөсүн бузушу мүмкүн болгон таасири жагынан компьютердик вирустардын же аларга барабар башка компоненттерди таасирине окшош коддорду камтыган ЭВМ программалары же ар кандай маалыматтар жарыяланган же таратылган учурда;
5.3.1.4. Кызматтарды көрсөтүү Кыргыз Республикасынын коопсуздугуна коркунуч туудурушу мүмкүн болгон учурларда;
5.3.1.5. ыйгарым укуктуу салык органынын талабынын негизинде;
5.3.1.6. ПККМ жана/же кассалык операцияларга бөгөт коюлган учурда;
5.3.1.7. Субъект тарабынан бул Келишимдин шарттары жана/же салык төлөөчү катары ишмердүүлүк жүргүзүү тартибин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын талаптары бузулганда;
5.3.1.8. Оператор ФМО реестринен чыгарылган, анын ФМО сыпатында ишмердүүлүгү токтотулган, банкрот деп жарыяланган, ФМО кайра түзүлгөн учурларда.
5.3.2. Бул Келишимдин 5.3.1.7-пунктунда белгиленген учурлардан тышкары, Кызматтарды көрсөтүүнү калыбына келтирүү Оператор тарабынан бузулуу жана/же Кызматтарды көрсөтүү үчүн негиз катары кызмат кылган жагдайлар жоюлган соң ишке ашырылат;
5.3.3. Субъектиден бул Келишимдин шарттарын аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды алуу;
5.3.4. Төмөнкү учурларда ПККМны бөгөттөп коюу:
- Кызматтарды кезектеги Абоненттик төлөм алынган күнгө чейин төлөбөгөн учурда;
- ПККМ фискалдык режимин активдештиргенден кийин фискалдык эмес режимде иштөөгө аракет кылынган учурда;
- ыйгарым укуктуу салык органы (УСО) жана/же ФМО менен байланыш жок учурлардан тышкары, автоматтык тестирлөө терс болгон учурда;
- УСО жана/же ФМО менен 10 секунддан ашык байланыш жок болгон учурда;
- нөөмөттүн убактысы 24 сааттан ашкан учурда, нөөмөттү жабуу операциясы аткарылганга чейин;
- ПККМдагы сааттын жана күндүн маанилери УСО жана/же ФМОдагы сааттын жана күндүн маанилери менен дал келбеген учурда;
- ПККМдагы сааттын жана күндүн маанилерин өзгөртүү жана кассалык чектерди мурунку кассалык чектеги күндөн жана/же сааттан кечирээк күн жана/же саат менен чыгаруу аракетинде;
- ПККМ иштөөсүндө ката чыкканда же ПККМ жана фискалдык маалыматтарга уруксатсыз мүмкүндүк алуу, же болбосо аткарылган операцияларды УСО жана/же ФМОна берүүдөн мурун өчүрүп салуу аракетинде;
- УСОнан салык кызматы органдары тарабынан коюлган касса боюнча операцияларды токтотуп туруу талабы жөнүндө билдирүү алган учурда.
5.3.5. үчүнчү жактарды алардын аракеттерине өз аракеттери сыяктуу жооп берүү менен бул Келишимди аткарууга катыштыруу;
5.3.6. тиркемелерин, ошондой эле Тарифтик пландарды кошкондо, бул Келишимге өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүү;
5.3.7. Кызматтарды көрсөтүү токтотулган күндөн тартып бир календардык ай аяктаган соң, Келишим боюнча Кызматтарды токтотуу, бул учурда Келишим токтотулду деп эсептелет.
5.3.8. 30 (отуз) календардык күн мурун билдирүү жөнөтүү аркылуу соттук эмес тартипте Келишимден бир жактуу баш тартуу;
5.3.9. Субъектинин карызы болгон учурда ал карызды төлөтүү үчүн үчүнчү жактарды иш-аракетке тартуу. Мындай учурда Субъект Оператор тарабынан Субъектинин жеке маалыматтары жана салык сыры, алган Кызматтарынын баасы, карыздын суммасы кошулуп, Субъект тууралуу маалыматтардын, Субъектинин карызы бар экендигин тастыктаган документтердин, ошондой эле карызды төлөтүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтардын үчүнчү жактарга берилишине макулдугун билдирет.
5.3.10. Субъект тарабынан берилген маалыматтар УСО маалымат тутумдарында камтылган маалыматтар менен дал келбеген, жана мындай шайкешсиздиктер жоюлбаган учурда ПККМ каттоодон, кайра каттоодон же каттоодон чыгаруудан баш тартуу.

**5.4. Субъектинин укуктары:**

5.4.1. сатып алуучуларга же кардарларга кыскартылган маалымат камтылган, сатып алуучу же кардар толук чектин электрондук вариантын ала турган шилтеме (QR-код, интернет баракчасы, мобилдик тиркеме, төлөм терминалы жана башка ыкмалар аркылуу чекти алуу үчүн атайын код) көрсөтүлгөн кагаз сактоочудагы контролдук-кассалык чектерди берүү. Мында контролдук-кассалык чекте сөзсүз түрдө Субъектинин жана ПККМнын реквизиттери, чектин каттоо номери, күнү жана убактысы, ошондой эле чектин жыйынтык суммасы чагылдырылууга тийиш.

5.4.2. Оператордон реквизиттер, иштөө режими, көрсөтүлгөн Кызматтар жөнүндө керектүү маалымат берүүсүн талап кылуу;
5.4.3. техникалык же маалыматтык колдоого зарылчылык келип чыкканда көрсөтүлгөн номер жана/же электрондук почта дареги боюнча Операторго кайрылуу;
5.4.4. бул Келишимде белгиленген тартипте ПККМ каттоо/кайра каттоо же каттоодон чыгаруу жөнүндө арыз берүү;
5.4.5. Келишимдин 10.6-пунктунда белгиленген учурларда Келишимден бир жактуу тартипте баш тартуу.

## 6. Эсептешүүлөрдүн тартиби

6.1. Келишим боюнча Кызматтарды көрсөтүү үчүн эсептешүүлөрдүн бардыгы акча каражаттарын бул Келишимдин реквизиттеринде же эсептерде, счет-фактураларда көрсөтүлгөн Оператордун эсебине которуу жолу менен, же болбосо накталай акча каражаттарын төлөм терминалдары, төлөм уюмдары аркылуу Оператордун кассаларына төлөө, электрондук акчаларды которуу же башка жеткиликтүү ыкмалар менен ишке ашырылат.
6.2. Субъект Кызматтар кошула турган күнгө чейин жана кийинки мезгилдерде Отчёттук мезгилдин 1-числосуна карата Өздүк эсебинде Субъект тарабынан төлөнгөн жана катталган бардык ПККМ боюнча Кызматтарды көрсөтүү үчүн жетиштүү сумманын (акчанын) болуусун камсыздоого милдеттүү. Акча каражаттарынын суммасы маалыматтарды топтоо жана УСОна өткөрүү Кызматтары менен Тарифтик планга ылайык аныкталган ар бир катталган ПККМ техникалык жана сервистик тейлөө боюнча Кызматтар үчүн ай сайын төлөнүүчү төлөмдөрдүн суммасына барабар же андан ашык болууга тийиш.
6.3. Оператор Кызматтарды Субъектинин Өздүк эсебинде жогоруда белгиленген сумма болгон учурда гана көрсөтөт. Эгерде Абоненттик төлөм алына турган күнгө карата Өздүк эсепте катталган бардык ПККМ боюнча Кызматтарды төлөө үчүн каражат жетишсиз болсо, анда Оператор катталган бардык ПККМлардын иштөөсүн бөгөттөп, Кызматтарды көрсөтүүнү убактылуу токтотуп коёт. Субъектинин Өздүк эсебине кезектеги төлөмдүн суммасы түшкөндөн кийин Кызматтар кайрадан көрсөтүлө баштайт.
6.4. Эгерде Субъект колдо болгон каттоодон өткөн ПККМ боюнча Кызматтарды төлөгөндөн кийин кошумча ПККМ каттоодон өткөрсө, анда Субъект Кызматтар үчүн кезектеги төлөм ишке ашырылганга чейин калган күндөр үчүн төлөйт.
6.5. Оператор Отчёттук мезгилден кийинки айдын 15-числосуна чейинки мөөнөттө Субъектиге электрондук счёт-фактура берет.
6.6. Субъектинин бир эсебинде мөөнөтү өтүп кеткен карызы калган учурда Оператор Субъект тарабынан башка эсеп же милдет боюнча төлөнгөн акча каражаттарынан карыздын суммасын кармап калуу укугуна ээ. Акча каражаттары карыз төлөнгөнгө чейин анын өлчөмүндө алынат. Кармап калуу мезгилинде кармалган суммалар Субъектинин башка эсебине же милдетин аткаруусунун эсебине кирбейт.

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги

7.1. Тараптар бул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин жана ПККМны колдонуу менен ишмердүүлүк жүргүзүүнү жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды аткарбагандыгы жана талапка ылайык түрдө аткарбагандыгы үчүн Келишимдин шарттарына ылайык, ал эми Келишим аркылуу жөнгө салынбаган маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тарат.
7.2. «НУР Телеком» ЖЧК Субъект тарабынан Кызматтарды талапка ылайык пайдаланбаганынын же пайдаланууга мүмкүнчүлүгү жоктугунун натыйжасында келип чыккан кандайдыр бир чыгымдар үчүн жооптуу эмес.
7.3. Оператор убактылуу же дайыма жеткиликтүү болбогон түйүндөр же серверлер менен Интернет тармагы аркылуу маалыматтык алмашуу мүмкүнчүлүгүнө кепилдик бербейт жана Интернет тармагынын айрым сегменттеринин иштөөсү же жеткиликтүүлүгү үчүн жоопкер болбойт.
7.4. «НУР Телеком» ЖЧК ошондой эле төмөнкүлөр боюнча жооптуу эмес:

1) Субъектинин бул Келишимде, ошондой эле ПККМ колдонуу менен ишмердүүлүк жүргүзүүнү жөнгө салган ченемдик укуктук актыларда белгиленген милдеттерин таптакыр же талапка ылайык түрдө аткарбагандыгы үчүн Субъект менен үчүнчү жактардын ортосунда келип чыккан талаш-тартыштар;
2) Субъектиге бир сутка мурда кабар берүү менен жабдууну, программалык камсыздоону алмаштырууга же «НУР Телеуом» ЖЧКнун техникалык каражаттарынын иштөө жөндөмдүүлүгүн улантуу жана аларды өнүктүрүү зарылдыгынан улам башка иштерди жүргүзүүгө байланыштуу Кызмат көрсөтүүдөгү толук же жарым-жартылай тыныгуулар;

3) «НУР Телеком» ЖЧКнун маалымат өткөрүү түйүнү жана метеорологиялык шарттардын натыйжасында радиотолкундардын тарашынын, жердин рельефинин өзгөчөлүгү жана башка объективдүү себептерге байланыштуу Кызматтарды көрсөтүү сапатынын болжолдуу начарлашы;

4) Субъектинин «НУР Телеком» ЖЧКнан телефон аркылуу алган консультациясы жана/же Оператордун веб-сайтындагы ФМО вкладкасында жайгашкан «НУР Телеком» ЖЧКнун нускамаларын туура эмес аткаргандыгынын натыйжасында келип чыккан Субъект үчүн болжолдуу жагымсыз кесепеттер;

5) Субъект тарабынан жакшы иштебеген Соңку жабдуунун колдонулушунан улам Кызматтардын канааттандырарлык эмес сапаты, Кызматтарды көрсөтүү мөөнөтүнүн бузулушу же Кызматтарды көрсөтүүдөгү үзгүлтүккө учуроолор;

6) Кызматтарды колдонууда Субъект тарабынан Операторго берилген маалыматтын мазмуну;

7) Кызматтарды көрсөтүүдө келип чыккан Оператордун тиешеси жок тыныгуулар;

8) сапаттын начарлашына жана/же Кызматтарды көрсөтүү мүмкүнсүздүгүнө алып келе турган Соңку жабдуунун техникалык бузуктугу жана/же туура эмес иштетилиши;

9) Субъектинин Кызматтарды пайдалануунун натыйжасында тарткан зыяндары.

7.5. Келишим боюнча милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Оператордун жоопкерчилиги тийиштүү Отчёттук мезгил үчүн Кызматтардын баасынан жогору боло албайт.

7.6. Оператор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык сырын түзгөн салык төлөөчү жөнүндө маалыматтын купуялуулугун камсыздоо үчүн жооптуу.

7.7. Субъект төмөнкү учурларда Келишим боюнча милдеттерин таптакыр же талапка ылайык түрдө аткарбагандыгы үчүн жооп берет:

1) Кызматтарды толук же убагында төлөбөө,
2) ПККМ эксплуатациялоо боюнча типтүү эрежелерди жана пайдалануучунун колдонмосунун талаптарын, ошондой эле ПККМ орнотулган соңку жабдууну эксплуатациялоо эрежелерин сактабоо,
3) Субъект бул Келишимдин 5.2.9-пунктунда белгиленген шарттарды сактабаган учурда, жоготуп алган соңку жабдууну колдонуу менен алынган Оператордун көрсөткөн Кызматтары үчүн Оператор жоготуу тууралуу билдирүү алганга чейин төлөмдү ишке ашырып туруу боюнча жооптуу,
4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында салык төлөөчүлөргө карата коюлган талаптарды бузуу,
5) ККМны АМТна каттоо, кайра каттоо жана каттоодон чыгаруу учурунда туура эмес каттоо маалыматтарын АМТна киргизүү же ТББна же ФМОна берүү,
6) АМТда катталбаган ККМ колдонуу,
7) жасалма контролдук-кассалык чектерди берүү,
8) ККМда фискалдык жана башка маалыматтарды уруксатсыз өзгөртүү.

7.8. Субъект Жеке кабинетинде Оператор тарабынан берилген маалымат менен өз убагында таанышып чыкпагандыгы же кайсы бир билдирүү менен таанышпагандыгы үчүн өз алдынча жоопкерчилик алат жана Оператордун билдирүүсү менен өз убагында таанышып чыкпагандыгы же таптакыр таанышпагандыгын Субъектини бул Келишим боюнча ага жүктөлгөн милдеттерин таптакыр же талапка ылайык түрдө аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуучу, же болбосо Операторго кандайдыр бир милдет жана/же жоопкерчилик жүктөөчү шарт катары эсептөөгө укугу жок.

7.9. Ошондой эле Субъект Кызматка мүмкүндүк алуу үчүн ырастоолорунун сакталышы жана Субъект менен окшоштурулган идентификациялык реквизиттерди киргизүү учурунда Кызматка кайрылуу аркылуу аткарылган аракеттер, аларды уруксатсыз колдонуу менен байланышкан зыяндар үчүн толук жооп берет.

## 8. Дооматар менен доолорду коюу тартиби

8.1. Субъект тарабынан коюлган дооматтар бул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каралып чыгат.

8.2. Кызматтарды көрсөтүү боюнча милдеттерин таптакыр же талапка ылайык түрдө аткарбагандыгы үчүн Субъект сотко кайрылардан мурун «НУР Телеком» ЖЧКна доомат коюуга тийиш (талаш-тартыштарды сотко чейин чечүү).

8.3. Доомат жазуу жүзүндө берилет жана Оператор тарабынан белгиленген тартипте катталууга тийиш.

8.4. Кызматтарды көрсөтүүдөн баш тартуу, Келишим боюнча милдеттерин убагында аткарбоо же тийиштүү түрдө аткарбоо менен байланыштуу дооматтар кызмат көрсөтүлгөн, аларды көрсөтүүдөн баш тартылган же эсеп берилген күндөн тартып 3 айдын ичинде коюлат.
8.5. Дооматка каттоо формасынын көчүрмөсү, ошондой эле Келишим боюнча милдеттерин таптакыр же талапка ылайык түрдө аткарбагандыгы жөнүндө маалыматтар көрсөтүлгөн каралып чыга турган документтер тиркелет.
8.6. Доомат «НУР Телеком» ЖЧК тарабынан катталган күндөн тартып 60 (алтымыш) календардык күндөн ашпаган мезгил ичинде каралып чыгууга тийиш.
8.7. Эгер доомат «НУР Телеком» ЖЧК тарабынан негиздүү деп табылса, аныкталып чыккан кемчиликтер жөндүү мөөнөттө жоюлууга тийиш.
8.8. Доомат толугу менен же жарым-жартылай четке кагылган учурда, же болбосо каралып чыга турган мөөнөттүн ичинде жооп алынбаган жагдайда Субъект сотко доо арыз менен кайрылууга укуктуу. Бардык талаш-тартыштардын аймактык соттун текшерүүсүнө тиешелүүлүгү «НУР Телеком» ЖЧК жайгашкан жер боюнча КР ЖПК 37-беренесине ылайык аныкталат.

## 9. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби

9.1. Бул берене «НУР Телеком» ЖЧКнун Келишимдин шарттарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү укугуна ээ экендигин аныктайт. Келишимдин шарттарынын өзгөртүлүшү жөнүндө билдирүү катары, бул өзгөртүүлөрдүн Оператордун расмий сайтындагы ФМО вукладкасына жарыяланышы же өзгөртүүлөр тууралуу кеңселеринде маалыматтарды жайгаштыруу, SMS-билдирүүлөрдү таратуусу эсептелет.
9.2. Эгерде Субъект Операторго киргизилген өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор жөнүндө маалымат жарыяланган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнүнүн ичинде Шарттардын өзгөрүүсүн кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүү жибербесе, мындай өзгөрүүлөр Субъект тарабынан кабыл алынды деп эсептелет. Кабыл алынган баш тартууну Тараптар Келишимдин Субъектинин демилгесинин негизинде токтотулду деп эсептешет.

## 10. Келишимдин мөөнөтү жана токтотулушу

10.1.Субъект менен «НУР Телеком» ЖЧК ортосундагы Келишим белгисиз мөөнөткө түзүлөт.
10.2. Келишим Субъект тарабынан эки нускадагы Келишимдин бланкына кол коюлушу аркылуу түзүлөт.
10.3. Келишим Тараптар кол койгон учурдан тартып юридикалык күчкө кирди деп эсептелет.
10.4. «НУР Телеком» ЖЧК Келишимге жана аны аткаруу, өзгөртүү же токтотуу үчүн маанилүү болгон башка документтерге кол коюп жатканда, мөөрү менен ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасын факсималдык жол менен колдонуу укугуна ээ. Келишимдин бир нускасы Субъектиге берилет.
10.5. Эгерде Субъект бир нече ПККМ колдоно турган болсо, анда ар бир ПККМ тарифтик план менен бул Келишимдин шарттарына ылайык каттоодон чыгарылат. ПККМ баары каттоодон чыгарылган учурдан тарта бул Келишим токтойт.
10.6. Келишим аракетте болгон мезгил бою Субъект Келишимди андан ары аткаруудан баш тартууга укуктуу. Төмөнкү учурларда Субъект Келишимди бузуу жөнүндө тийиштүү арыз, ошондой эле ПККМ каттоодон чыгаруу жөнүндө арыз берип, «НУР Телеком» ЖЧК менен бардык эсептешүүлөрдү аткаруу менен Келишимди улантуудан баш тарта алат:
- ПККМ ККМ реестринен чыгарылганда,
- ПККМ бузулганда жана Оператор тарабынан белгиленген мөөнөттө оңдолбогондо,
- Субъектиге – башка уюмдун юридикалык жагына кошулуу формасындагы кайра түзүү учурунан тышкары, уюм жоюлган же кайра түзүлгөндө, ошондой эле жеке ишкердин ишмердүүлүгү токтогондо. Бул абалда Субъект уюмду кайра түзүү же жоюу жана жеке ишкердин ишмердүүлүгүн токтотуу боюнча процедура башталгандан 1 (бир) күн мурун ПККМ каттоодон чыгаруу жөнүндө арыз берүүгө тийиш.
10.7. Субъект Келишимдин шарттарын аткаруудан баш тарткан же болбосо Келишим башка себептерден улам токтотулган учурдан тартып, Субъектинин Келишим токтотулган учурга карата алган, бирок төлөбөгөн Кызматтар үчүн төлөмдөрдү ишке ашыруу боюнча милдеттеринен тышкары Тараптардын бардык милдеттери токтотулду деп эсептелет. Субъект кызматтарды төлөө боюнча милдеттерин аткаргандан кийин Келишим боюнча төлөнгөн сумма менен Келишим бузулган учурда

алынган кызматтардын баасынын айырмасын түзгөн Субъектинин Өздүк эсебинде калган акча каражаттарынын суммасы Колдонуучуга кайтарылат.
10.8. «НУР Телеком» ЖЧК төмөнкү учурларда тийиштүү билдирүү жөнөтүү аркылуу бир жактуу жана соттук эмес тартипте Келишимден баш тартууга укуктуу:
- Субъект бул Келишим менен КР мыйзамдарында белгиленген милдеттерин бузганда,
- Субъектинин ПККМ колдонбостон ишмердүүлүк жүргүзгөндүгү аныкталган учурда,
- чечүү колдон келбеген жагдайлардан улам ПККМ колдонуу мүмкүн болбогон учурларда,
- бул Келишимдин 7.6-пунктунда белгиленген фактылар аныкталганда,
- Кызматтарды көрсөтүүнү токтотуу үчүн себеп жараткан жагдайлар жоюлбаган учурда, Кызмат көрсөтүүлөр токтотулган күндөн тарта 3 (үч) календардык күндүн ичинде,
- Оператордун пикири боюнча Субъектинин күмөндүү аракеттери байкалганда жана/же алдамчылык аракеттерин аткаруусунан шектенүү жөнүндө маалымат келип түшкөндө.

Келишимден баш тартуу жөнүндө билдирүү Субъектинин Жеке кабинетине жиберилет. Субъект аталган билдирүүнүн анын Жеке кабинетине жиберилишинин Келишимдин токтотулушуна жол ачкан Келишимден баш тартуу жөнүндөгү тийиштүү билдирүү болуп эсептеле турганына макулдугун берет.